УДК 811.111:811.512.154(575.2) (045)
DOI: 10.35254/bhu/16948130_2021_55_103

Койчуманова Г.,
Кыргыз Республикасынын
Эл аралык университети,
окутуучу

АР ТҮРДҮҮ МАДАНИЯТТАГЫ «ЭМОЦИЯ» КОНЦЕПТИ

Кыскача мазмуну

Макалада «эмоция» концепт катары каралып. Концепт жөнүнүндө кыскача түшүнүк берилди. Концепти кимдер изилдегени иликтөөгө алынды. "Эмоция" термини эмнени түшүндүрөт жана кайсы убактан баштап өзгөчө көңүл бурулуп, кимдер иликтеген тууралу жазылды. Адамдын эмоциясы, татаал жана көп кырдуулугу белгиленип. Эмоция аркылуу адамдын физиологиялык өз абалын сезүү гана байкабастан, ошондой эле адамдын дүйнөнү таанып-билүүсүн, улуттар аралык өзгөчөлүктөрү жана жеке психологиясынын, температинин өзгөчөлүктөрүн байкоого болот. Улуттук өзгөчөлүктөр эмоцияны кабыл алууга да түздөн түз таасирин тийгизерин жана мындай өзгөчөлүктөр адабий чыгарманы бир тилден экинчи тилге которуу да өз таасирин тийгизери көрсөтүлдү. Ошол эле убакта ар кандай улуттар аралык иштерди жүргүзүүдө көп тозколдуктарды жаратаары жазылды.

Түйүндүү сөздөр: *эмоция, концепт, түшүнүк, улуттук өзгөзөлүктөр, күтүсүздүк, коркуу,жылмаю, маданият, психикалык ишмердүүлүк, сезим.*

КОНЦЕПТ «ЭМОЦИЯ» В РАЗНЫХ КУЛЬТУРАХ

Аннотация

В статье рассматривается концепция «эмоция». Кратко изложено понятие концепции. Были рассмотрены труды ученых, посвященных изучению «концепта». Здесь объясняется, что означает термин "эмоция" и с какого времени уделяется особое внимание и кто его исследовал. Через эмоции можно не только наблюдать, как человек физиологически чувствует свое состояние, но и наблюдать за тем, как человек познает мир, име-ет межнациональные особенности и особенности собственной психологии, темперамента. Было показано, что национальные особенности напрямую влияют на восприятие эмоций, и что такие особенности также влияют на перевод литературного произведения с одного языка на другой. В статье также рассматривает-ся особенность концепта, которая создает массу препятствий в ведении различных межнациональных дел.

Ключевые слова: *эмоция, концепт, понятие, национальные особенности, неожиданность , культура, страх, улыбка, умственная активность, чувство.*

THE CONCEPT OF «EMOTION» IN DIFFERENT CULTURES

Abstract

The article considers both the concept of "emotion" and a brief explanation of the word «concept» itself. Those who studied the «concept» were studied. It explains what the term emotion means and who researched it. Emotions, complexity and versatility of a person are noted. Through emotions it is possible not only to observe how the person physiologically feels the state, but also to observe how the person learns the world. It was shown that national characteristics directly affect the perception of emotions, and that such characteristics also affect the translation of a literary work from one language to another.

Key words: *emotion, concept, notion, national characteristics, surprise, culture, fear, smile, mental alertness, feeling.*

Бул макалада эмоция концептиси жөнүндө жазылмакчы. Сөз башынан болсун биринчи «концепт» деген эмне, кандай аныктамалар берилген карай кетсек. Заманбап илимде "концепт"түшүнүгүнүн бирдиктүү аныктамасы жок. Аны эксперттер ар башкача чечмелешет жана ондогон аныктамаларды беришет. Концепция — тилге, лингвистикага (биринчи кезекте когнитивдик лингвистикага) гана эмес, адабий сынга, гносеологияга, логикага, маданият таанууга, этнологияга жана жалпы философияга таандык. Окумуштуулар белгилешкендей, азыр "концепт "термини тил илиминин ар кандай тармактарында кеңири колдонулат.Концепт түшүнүгү хх кылымдын башында пайда болуп, "түшүнүк" термининин синоними катары каралып келген. Ал эми азыркы убакта бул эки терминдин көп айрымачылыктары жана өзгөчөлүктөрү бар экенин тастыкталган. Орус окмуштуусу М. В. Пименова концепт бул тилде көрсөтүлгөн, жеке көз караштын белгилери менен татаалдашкан улуттук образ, символ, түшүнүк деп айткан жана аны классификациялоону сунуш кылат. Алсак, концепти төмөнкү үч категориялык класска бөлөт жана ошол эле убакта үч топко толук бөлүп кою мүнкүн эместигин эскертет.

1.Базалык концепты, алар тилдин негизин жана бүткүл дүйнөнүн баяндоосунун (космостук(ай, күн, жер, жаан, шамал, жылдыз, ж. б.), социалдык(эл, улут, кедей, бай, кыргыз, орус, ишмер ж. б.) жана психикалык-руханий(жан дүйнө, сезим, эмоциялар ж. б.)) концептиси;

2. Концепт-дескрипторлор, бул базалык концептини квалификациалайт, алар дименсионалдык, квалитативдик, квантативдик болуп бөлүнөт. Дименсионалдык концептер бир аталыштын же нерсенин чен өлчөмүн көрсөтөт (өлчөмү, көлөмү, тереңдиги, бийиктиги, салмагы ж. б.). Ал эми квалитативдик концептер сын сыпатын билдирет (жылуулук, суук, катуулук — жумшактык). Квантитативдик концептер сан өлчөмүн берет (бир, көп, аз, жетиштүү — жетишсиз).

3.Концепт-релятив мамилелердин ишке ашыруу түрлөрү, алардын арасында Баа — концептиси (жакшы — жаман, туура — туура эмес, зыяндуу — пайдалу). Абал же элеген орду концептиси (каршы, бирге, катар, жакын — алыс, заманбап –эски).Жеке концептиси (өз – бөтөн, алуу — берүү, ээлик кылууга — жоготуу, кошууга — чыгаргандай) [1, 129-б.] В. И. Карасик концепцияны көп тараптуу семантикалык формация катары аныктайт, анда баалуулук, образдык жана концептуалдык тараптарды бөлүп көрсөтүүгө болот. Окумуштуу бул багыт тилдик аң-сезимге сиңип, бир сөз менен аталып калса, түшүнүктөр жөнүндө сүйлөшүү керектигин белгилейт жана үчкө бөлөт:

1. Этномаданиятка жана социомаданиятка багытталган концепт, изилдөөдө маданияттын өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт.

2. Этномаданиятка жана социомаданиятка багытталбаган концепт, маданияттын өзгөчөлүгүнө көп көңүл бөлүнбөй, маданияттын ички, жашыруун маанисинин байланыштарын изилдейт.

3. Универсалдуу концепт маданяттын өзгөчөлүктөрүн камтылбаган концепт.[2, 100-б.]

И. А. Стернин концепти, бир түзүмдүн базалык катмары, же ядросу деп карап, ал эми калган кошумча когнитивдик катмарлар бирге жандап жүрөт деп эсептейт. Бул окмушту да, концепти үч типке бөлөт.

1. бир деңгээлдүү, булар базалык катмардан гана турат (сары, жашыл, таттуу, чыны, табак ж. б.);

2. көп деңгээлдүү, булар базалык катмардан тышкары, когнитивные катмардан туруп абстракциясынын денгээли менен айрымаланат.

Мисалы:

сабаттуулук — базалык катмары: сабаттуу адам.

жазганды билүү жана окуганды билүү; эң жакшы окуганды жана эң жакшы жазганды билүү; же эң жогору деңгээлде натыйжалуу барлашууну билүү ж. б. бул когнитивдик катмардын ар түрдүү абстрактуу даражасы.

3. сегментүү бир базалык катмардан туруп, бир нече сегменттердин курчап турусу. Мисалы Базалык катмары — концепт сабырдуулук; чыдамдуулук, токтоолук;

сегменты: саясий сабырдуулук, илимий сабырдуулук, турмуш-тиричилик сабырдуулук, администрациялык сабырдуулук ж. б.[3, 58–65 — б.]. Юдахиндин алфавиттик сөздүгүндө концепция бир нерсенин негизги түшүнүгү; кубулуштар жөнүндөгү көз караштардын системасы деп жазылган [4]. Филология илимдеринин кандидаты Мамадинова Д. Б. концепт — антропоцентристтик лингвистиканын негизги категориясы. Ал татаал түзүлүшкө ээ жана түздөн-түз байкоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк бербейт, анткени ал аң-сезимде анын бирдиги катары колдонулат деп чечмелейт. Бул окмуштулардын ар бириниин берген аныктамалары өзүнчө уникалдуу жана терен маанини камтыйт.[5, 41 — б.] Концепт бул улуттук аң сезимден, этномаданияттын өзгөчөлүгүнөн турган татаал бир түзүмдүн түшүнүгү деген чечимге келдик.

Жогоруда айтылып кеткен М. В. Пименованын үч категорисына кайрылсак "Эмоция" базалык концептисинин психикалык — руханий категориясына киргизебиз. «Эмоцияны» концепт катары карасак. Көп жылдар бою тил изилдөөчүлөрдүн арасында эмоцияны изилдөө зарылдыгы барбы же жокпу деген карама каршы болгон адисттердин тирешүүсү болуп келген. Француз лингвисти Кэтрин Кербрат-Ореккионин айтуусу боюнча «Тилдин максаты, актуалдуу маалыматтарды так, рационалдуу түрдө жеткизүү жана кийинки муундарга өткөрүп берү. Ал эми эмоцияны жеткизүү көйгөлүү маселелерден эмес» деп айткан бул ойду америкалык лингвист Эдуард Сепирдин оюна таянып айтса керек. Себеби Э. Сепирадин айтуусуна караганда эмоция лингвистикада эч кандай кызыгуу жаратпайт же аны изилдөөнүн кереги жок, себеби эмоциялар (эмоцияны түшүндүргөн сөздөр) сөздүн негизги семантикасын билгизбейт деген. [6, 6 — б.]

Ал эми башка лингвистер Швет лингвисти Шарль Балли жана Э. Станкевич эмоцияны көрсөтүү же жеткизүү тилдин эң негизги максаттарынын бири, кандай гана маалымат болбосун эмоцияны талап кылат деп белгилешкен.Мишель Бреаль кеп — сыпаттоо, баяндоо ар кандай ой жугуртулорду, жана ошондой эле каалоосун билдирүү үчүн, ал эми мунун баары эмоциянын коштоосунда жүргүзүлүшү абзел деген. [7,67-б.]. Турк окмуштуусу, проф. Док М. Эргин «Тил байланыш курган табигый каражат, жандуу зат, социалдык курулуш, сырдуу мамиле түзүлүшү, ошондой эле сыйкырдуу зат. Сезим жана пикирлерди туюндурган, ар түрдүү белгилер-

ден пайда болгон, көп тараптуу кең система» [8, 32-б.]

Биринчи жолу Берлин шаарында 1987-жылы XIV эл аралык лингвитстердин конгрессинде Франтишек Данеша аттуу чех илимпозу өз докладында тилдин эмоционалдык жагдайынын мааниси тууралуу айтып чыккан.Мына ушун күндөн кийин көптөгөн лингвистер эмоцияны туюндурган сөздөрдү ар тараптан изилдешип көптөгөн диссертациялар, статьялар, сөздүктөр жана атайын сөздүктөр жазылып чыккан. Эмоцияны концепт катары же эмоциалык сөздөрдү кыргыз тилинде көптөгөн тилчилер изилдеп келишет. Алсак Ашырбаева Т. «Сөздүн биринчи өзгөчөлүгү — анын ар кандай түшүнүктүн атоосуз бөлө алгандыгы. Бул касиет ар кандай маани берүүчү сөздүн башкы белгиси болуп саналып, ал эми ушул башкы белгинин адам тарабынан кабылалынышы же түшүнүлүшү адамдын жеке интеллектине жараша болот» [9, 57-б.]. Доцент А. Сапарбаев өзүнүн «Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы» аттуу окуу китебинин семасиология бөлүгүнө «Сөздүн эмоциональдык мааниси » деген бир кыйла көлөмдүү теманы атайы киргизип, айрым сөздөр сүйлөмдө айтылып жаткан ойго карата сүйлөөчүнүн мамилесин да билдирип, ал сүйлөмдүн мазмунуна ар кыл мүнөздөгү эмоциональдык маани кошорун, мындай сөздөр эмоционалдык сөздөр деп аталарын, ал лексикалык жана эмоционалдык маанилердин бирдигинен турарын; анын лексикалык мааниси нерсе же көрүнүштөрдү атап көсөтүүгө негизделсе, эмоциональдык мааниси сүйлөөчүнүн ошол нерсе же көрүнүштөргө карата болгон субьективдүү мамилеси, баалоосу аркылуу аныкталаларын белгилейт. Мындан тышкары эмоциональдык маанидеги сөздөр маани жагынан өтө бай экенин белгилейт[10, 150–179-б.].

Эмоциянын мааниси жана орду менен таасири канчалык деген суроолор адамзатты дайыма кызыктырып келген. “Эмоция” сөзү латын тилинин “emoveo” сөзүнөн алынып бизге которгондо толкундантам дегенди түшүндүрөт. Эмоция адамдардын жана айбанаттардын сырткы жана ички дүүлүктүрүүлөргө кубануу, коркуу, ырахаттануу, нааразылануу ж.б. түрдө көрүнгөн субъективдүү реакциялары.Эмоциялар адамдардын психикалык ишмердүүлүгүн жана жүрүм-турумун регуляциялоонун ички механизми болуп кызмат кылат. Эмоциялар жүрүм-турумдун пайдалуу формаларын, эрежелерин өздөштүрүүгө көмөк көрсөтөт. Адам эмоциясынын түптөлүшү анын инсан катары калыптанышынын негизги шарты. Сезимдер адам эмоциясынын өнүгүшүндөгү эң жогорку натыйжа болуп саналат. Эмоцияны бир гана лингвистер эмес философтор, психологдор, социологдор да изилдеп келишет.

Адамдын сезимдери универсалдуу тамырларга ээби же маданияттар боюнча айырмаланып турабы?

Жер үстүндө жашап жаткан ар бир адам өзүлөрүнүн эмоцияларын башкарууга аракет кылып жана ошондой эле терс эмоцияларга жол бербегенге аракет кылышат. Ар бир улуттун өзүнүн маданий колорити, ой жүгүртүсү бар бул эмоцияларды кабыл алуу да байкалат. Улуттук маданият адамдардын сезимдерин билдирүү жана сезүү сезимине чоң таасирин тийгизиши мүмкүн. Мисалы, бир эле убакта, бир эмоцияны эки улуттун эли, эки түрдө кабыл алып, кайчылаш ойду пайда кылуусу мүнкүн. Мисалы Европа да, кыргыздар да жылмаюну сылык, достук мамиле менен түшүнсө, ал эми ошол эле жылмаюну японияда акылы кем, тайкы адам менен салыштырат. Булардын түшүнүгү боюнча жолугушуда, конференциялар да нейтралдуу гана эмоцияда бошул керек деп эсептешет. Колюх О. А., Коверко И. А., Хакимова З. Р бул окмуштулардын жүргүзгөн изилдөөлөрдө төмөнку жыйынтыка келишкен. “Аныкталган маданий айырмачылыктар сезимдердин бири-бирине тийгизген таасиринен, б.а. бир сезим башка эмоцияны күчөтөт же басат. Мисалы, татарларда коркуу кайгырууну күчөтсө, немецтерде коркуу кубанычты арттырат, бул коргонуу механизми, башкача айтканда, стресстүү кырдаалда калсак, татарлар кайгылуу жана кайгылуу болот, ал эми немистердин маанайы көтөрүлөт … жана алар үчүн стресстүү кырдаалдан чыгуу жеңилирээк болот”. Түндүк Каролинадагы (АКШ) Чапел Хилл университетинин өкүлдөрү. Германиянын Йена шаарындагы Макс Планк атындагы Табигый Илимдер Институтундагы кесиптештери менен биригип, эмоцияны оозеки чагылдырууда өзгөчөлүктөрдү изилдешип. Изилдөө ар кандай маданияттардагы сезимдердин концептуалдаштырылышында олуттуу айырмачылыктарды тапкан: аларда түстү сүрөттөө үчүн колдонулган терминдерге караганда үч эсе көп вариация болгон. Мисалы, кээ бир тилдерде “күтүсүздүк”сөзү адатта коркуу сезими менен байланышкан сөздөр менен айкалышса, башка тилдерде ошол эле түшүнүк бакыт сыяктуу жагымдуу абал менен айкалышкан.[11, 3-б.] Көркөм котормо тилдер аралык мамилелердин маанилүү фактору болгондуктан, башка адабияттардын руханий мурасы менен таанышууга мүмкүнчүлүк берет, чыгармачыл жактан байытуу каналдарынын бири болуп саналат. Котормонун аркасында улуттук адабияттар жакындашууда, анткени которулган адабият жалпы адабий процессте активдүү катышат.[12, 77-б.]

Адам баласынын эмоциналдык жаратышы татаал, бай жана ар кандай аныктамалды өзүнө камтыйт жана ошондой эле улутук өзгөчөлүктөр сезимдерге, эмоцияларга чоң таасирин тийгизери билдик.Мындай айырмачылыктар чыгармаларды бир тилден экинчи тилге которуда же ар кандай улуттар аралык иштерди жүргүзүүдө көп тозколдуктарды жаратат.